**Кубаныч Сатаев - ЖАШТЫК КЕЗ**

с. Ж.Турсунбаев
о. Б.Алымкулов

Эй жаштык кез – кыздын гүл өңү!
Эрдемсип турган – тоодой жүрөгү!
Эй жаштык кез – жарык жылдыздай,
Эстесем келет жаздын илеби.

**Кайырма:**
*Сайрап турган тоонун улары,*
*Сагынычтуу жашоо кумары.*
*Кучагында сүйүү, достук бар,*
*Кайраты зор жаштык курагы.*

Эй жаштык кез – комуз күүсүндөй,
Эңсеткен жанды сыйкыр түшүмдөй.
Эй жаштык кез калбасак деймин,
Кадырың сенин барктап түшүнбөй.

Кайырма:
*Сайрап турган тоонун улары,*
*Сагынычтуу жашоо кумары.*
*Кучагында сүйүү, достук бар,*
*Кайраты зор жаштык курагы.*

*Жаштык, жаштык-өмүр тамчысы,*
*Жаштык, жаштык- бакыт жарчысы!*
*Жанган оттой күлгүн убактар,*
*Жаштык кездин бизге тартуусу.*